Тиркеме 1

**Билим берүү уюмунун көзөмөлчүлүк кеңеши жөнүндө типтүү жобо**

**I. Жалпы жоболор**

1. Бул типтүү жобо Кыргыз Республикасынын билим берүү уюмдарында жана билим берүү системасында иштеген башка уюмдарда (мындан ары – билим берүү уюму) көзөмөлчүлүк кеңешин түзүү жана анын ишин уюштуруунун тартибин аныктайт.

Бул жобо мамлекеттик жана муниципалдык билим берүү уюмдарынын алдында түзүлгөн көзөмөлчүлүк кеңештерине таасир этет.

2. Билим берүү уюмунун алдындагы көзөмөлчүлүк кеңеши (мындан ары – Кеңеш) - юридикалык жак статусуна ээ болбогон, мамлекеттик эмес, өкмөттүк эмес, коммерциялык эмес, мекемеде мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдү сапаттуу берүүнү өнүктүрүүгө кызыкдар болгондордун бардыгын ыктыярдуу негизде бириктирген коомдук уюм

3. Билим берүү уюмдарына төмөнкүлөр кирет:

- мектепке чейинки билим берүү уюмдары;
- жалпы билим берүү уюмдары (жалпы билим берүүчү мектеп, окуу-тарбиялык комплекс, автордук окуу-тарбиялык комплекс, мектеп-гимназия, мектеп-лицей, мектеп-комплекс, атайын мектеп (жатак мектеп), жалпы билим берүүчү санатордук мектеп, көмөкчү мектеп, кечки мектеп (кечки жана нөөмөттүк), жалпы билим берүүчү сырттан окуу мектеби, эксперименттик аянтчасы менен мектеп, толук эмес мектеп);
- мектептен тышкаркы билим берүү уюмдары;
- атайын билим берүү уюмдары;
- балдарга, өспүрүмдөргө жана жаштарга кошумча билим берүү уюмдары;
- башталгыч кесиптик билим берүү уюмдары (кесиптик лицей, кесиптик орто окуу жайы ж.б.);
- орто кесиптик билим берүү уюмдары (орто окуу жайы, колледж, техникум ж.б.);
- жогорку кесиптик билим берүү уюмдары (институт, академия, университет, консерватория ж.б.);
- жогорку окуу жайдан кийинки кесиптик билим берүү уюмдары;
- кошумча кесиптик билим берүү уюмдары.

Жарандарга билим берүү кызматынан тышкары жана башка мамлекеттик кызмат көрсөткөн уюмдарга билим берүү системасында иштеген башка уюмдар да кирет.

4. Мамлекеттик жана муниципалдык мекемелерде Кеңешти түзүү Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2016-жылдын 16-январындагы №12-б буйругу менен аныкталган мекемелерди кошпогондо, милдеттүү болуп саналат.

Бир билим берүү уюмунда бир Кеңеш болот.

5. Кеңеш өз ишин Кыргы Республикасынын Конституциясынын, Кыргыз Республикасынын "Көзөмөлчүлүк кеңеши жөнүндө" мыйзамынын, Кыргыз

2023/03/07 14:21

Республикасынын Жогорку Кеңешинин токтомдорунун, Кыргыз Республикасынын Президентинин указдарынын, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтомдорунун жана буйруктарынын, ушул жобонуну жана башка Кыргыз Республикасынын укуктук ченемдик актылардын негизинде жүргүзөт.

## II. Кеңештин максаты

6. Кеңештин максаты көрсөтүлгөн кызматтын сапатын жогорулатуу, билим берүү уюмдарынын ишмердүүлүгүнүн туруктугун камсыздоого көмөктөшүү жана билим берүү уюмдарындагы бюджеттен тышкаркы каражаттарды пайдалануунун эффективдүүлүгүн жогорулатууга багытталган.

## III. Кеңештин негизги маселелери

7. Кеңештин негизги маселелерине төмөнкүлөр кирет:

- билим берүү уюмунун уставдык максаттарына жана милдеттерине жетүүсүнө, анын ишин натыйжалуу уюштуруу үчүн шарттарды түзүүгө көмөктөшүү;
- билим берүү уюмуна Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына карама-каршы келбеген каржылоонун кошумча булактарын тартуу.

## IV. Кеңештин ыйгарым укуктары, укуктары жана милдеттери

8. Кеңештин ыйгарым укуктары:

1) уюштуруучулар тарабынан социалдык чөйрөдөгү мекеменин өнүгүү стратегиясын иштеп чыгуу жана кабыл алуу, ошондой эле мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдүн сапатын жогорулатууга көмөктөшүү;

2) билим берүү уюмун өнүктүрүүгө гуманитардык жардамды (инвесторлорду, меценаттарды) жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына карама-каршы келбеген башка каржылоо булактарын издөөнү жана тартууну жүзөгө ашыруу;

3) билим берүү уюмуна тартылган бюджеттик эмес каражаттардын чыгашалар сметасын аткаруу сапатын кароо жана көзөмөлдү жүзөгө ашыруу;

4) билим берүү уюмунун өнүгүүсүнүн жана натыйжалуу иштешинин учурдагы жана келечектеги милдеттерин чечүү, иштин сапатын жакшыртууга көмөктөшүү.

9. Кеңештин укуктары:

1) билим берүү уюмунун ишин жакшыртуу жана билим берүү жаатындагы ченемдик укуктук актыларды өркүндөтүү боюнча сунуштарды киргизүү;

2) билим берүү уюмунун материалдык-техникалык базасын өнүктүрүүгө жана чыңдоого, билим берүү иш-чараларын өткөрүүгө көмөктөшүү;

3) мыйзамдарга карама-каршы келбеген булактардан гуманитардык жардамды, финансылык жана башка материалдык каражаттарды тартуу;

4) мамлекеттик жана башка мыйзам менен корголуучу жашырын сырга кирген маалыматтарды кошпогондо, билим берүү уюмунун тиешелүү кызмат адамдарынан ишти (анын ичинде бюджеттен тышкары финансы-чарбалык)

2023/03/07 14:22

жүзөгө ашырууга байланыштуу документтерди же башка маалыматтарды суратып алуу;

5) зарылдыгына жараша Кеңештин мүчөлөрүнүн ичинен туруктуу жана (же) убактылуу комиссияларды түзүү;

6) фискалдык органдар тарабынан социалдык чөйрөдөгү мекемени текшерүүлөрдүн натыйжалары менен таанышуу;

7) финансы-чарбалык иш чөйрөсүндөгү жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын ченемдери бузулган учурда туруктуу жана (же) убактылуу комиссиянын, жумушчу топторунун иштеринин жыйынтыктары боюнча ыйгарым укуктуу органга билим берүү уюмунун кызмат адамдарына, кызматкерлерине карата тийиштүү чараларды кабыл алуу жөнүндө сунуштарды киргизүү;

8) ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдарга, алардын кызмат адамдарына, укук коргоо органдарына зарыл чараларды көрүү үчүн табылган бузуулар жөнүндө материалдарды берүү;

9) билим берүү уюмунун ишинин маселелери боюнча коомдук пикирди иликтөөгө жана жалпылоого, алынган маалыматтарды мекеменин ишин өркүндөтүү максатында пайдалануу;

10) билим берүү уюмунун ишинин натыйжалуулугун жогорулатууга байланышкан маселелерди чечүүгө көмөктөшүү;

11) мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдү берүү маселелери боюнча жарандардын сунуштарын, арыздарын жана даттанууларын кароого катышуу.

10. Кеңештин милдеттери:

1) Кеңештин ишинин жылдык планын иштеп чыгуу жана бекитүү;

2) өз ишин билим берүү уюмунун администрациясы, уюмдун уюштуруучулары, ошондой эле жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, башка уюмдар жана гуманитардык жардам көрсөткөн жеке жактар менен өз ара тыгыз аракетте жүзөгө ашыруу;

3) билим берүү уюмунун иши жөнүндө коомчулукка маалымдоого көмөктөшүү;

4) жалпыга маалымдоо каражаттары жана билим берүү чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын веб-сайты аркылуу өз иши, кабыл алынган чечимдери жана алардын аткарылышы жөнүндө коомчулукка маалымдоо;

5) берилүүчү мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдүн натыйжалуулугуна талдоо жүргүзүү жана аларды өркүндөтүү боюнча өз сунуштарын киргизүү;

6) билим берүү уюмун каржылоого Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына карама-каршы келбеген кошумча булактарды тартуу;

7) ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдардын талабы боюнча өз иши жөнүндө отчетторду берүү.

## V. Кеңешти түзүүнүн тартиби

11. Кеңеш 15 адамдан ашык эмес санда түзүлөт.

Билим берүү уюмунун Кеңешинин сапаттык составы билим берүү чөйрөдөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган же анын территориялдык түзүмү тарабынан түзүлгөн 11 адамдан ашпаган Кеңешти тандоо жана түзүү боюнча комиссия (мындан ары - Комиссия) тарабынан аныкталат.

Республикалык баш ийүүдөгү билим берүү уюмдарынын Кеңеши Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин Комиссиясы аркылуу, райондук/шаардык баш ийүүдөгү билим берүү уюмдарынын Кеңеши райондук/шаардык билим берүү бөлүмдөрү/башкармалыктарынын Комиссиясы аркылуу тандалат жана түзүлөт.

12. Комиссиянын курамына мамлекеттик жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын өкүлдөрү, билим берүү системасында тажрыйбасы бар Кыргыз Республикасынын укуктук жөндөмдүү жарандары, ишкер чөйрөлөрдүн, илимий жана билим берүү уюмдарынын, маданий жана социалдык чөйрө мекемелеринин, өкмөттүк эмес жана эл аралык уюмдардын өкүлдөрү, коммерциялык жана коммерциялык эмес уюмдардын, студенттик жана, ошондой эле гуманитардык жардам көрсөткөн жеке жактар кире алышат.

13. Кеңештин курамына ушул жобонун 12-пунктундагы мамлекеттик жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын өкүлдөрүнөн башка өкүлдөр кире алышат.

14. Кеңеш төрага, төраганын орун басары, катчысы жана мүчөлөрдөн түзүлөт. Кеңештин мүчөлөрү бир эле убакта билим берүү уюмунун бирден ашык Кеңешинин мүчөсү боло алышпайт.

15. Билим берүү уюмдарынын уюштуруучусу жана жетекчилери Кеңештин мүчөсү боло алышпайт.

16. Кеңештин курамынын ыйгарым укуктарынын мөөнөтү аны бекиткен учурдан тартып 3 жылды түзөт. Бир эле адам чексиз жолу Кеңештин мүчөсү болууга укуктуу.

## VI. Кеңештин ишин уюштуруу

17. Кеңеш өз ишин көз карандысыздык, айкындуулук, коллегиялуулук, ак ниеттүүлүк, мыйзамдуулук принциптеринде жүзөгө ашырат.

18. Кеңештин төрагасы ачык добуш берүү менен, Кеңештин мүчөлөрүнүн жалпы санынын көпчүлүгүнүн добушу менен бир жылдык мөөнөткө шайланат.

Кеңештин төрагасын шайлоого талапкерлер Кеңештин мүчөлөрү тарабынан же болбосо өзүн-өзү көрсөтүү тартибинде көрсөтүлөт.

19. Кеңештин төрагасынын ыйгарым укуктарынын мөөнөтү ал шайланган күндөн тартып башталат жана жаңы төраганы шайлаган күндүн алдындагы күндө токтотулат.

20. Кеңештин жаңы төрагасын шайлоо иштеп жаткан төраганын ыйгарым укуктарынын мөөнөтүнүн акыркы айында өткөрүлөт. Эгерде Кеңештин жаңы төрагасын шайлоо ушул беренеде белгиленген мөөнөттө өткөрүлбөй калган

2023/03/07 14:22

учурда, Кеңештин иштеп жаткан төрагасы Кеңештин жаңы төрагасы шайланганга чейин өз ыйгарым укуктарын жүзөгө ашырууну уланта берет.

21. Төрага болбогон мезгилде төраганын милдеттерин аткаруу төраганын орун басарына жүктөлөт.

22. Кеңештин төрагасы:

1) Кеңештин ишин уюштурат, ошондой эле мамлекеттик органдар, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жана башка уюмдар менен өз ара мамилелерде Кеңештин атынан чыгат;

2) жыйналыштарды чакырат, Кеңештин жыйналыштарында кароо үчүн киргизилүүчү маселелерди аныктайт;

3) Кеңештин жыйналыштарында төрагалык кылат;

4) Кеңешке берилген материалдарды текшерүүнү уюштурат;

5) Кеңештин ишинин натыйжаларын жалпылоону уюштурат жана анын ишин уюштурууну жакшыртууга багытталган чараларды кабыл алат;

6) билим берүү уюмунун уюштуруучусуна, билим берүү чөйрөсүндөгү мамлекеттик органга Кеңештин иши жөнүндө маалымдайт;

7) Кеңештин чечимдерине ылайык башка иш-милдеттерди аткарат.

23. Кеңештин төрагасы өз иш-милдеттерин аткарбаган же талаптагыдай аткарбаган учурда анын ыйгарым укуктары Кеңештин мүчөлөрүнүн үчтөн экисинен кем эмесинин чечими менен мөөнөтүнөн мурда токтотулушу мүмкүн.

24. Кеңеш өз курамынан Кеңештин катчысын шайлайт.

Катчынын ишин техникалык жактан колдоо үчүн Кеңештин чечими боюнча адамдар келишимдик негизде тартылышы мүмкүн..

25. Кеңештин катчысы:

1) Кеңештин жыйналыштарын даярдоону камсыз кылат;

2) Кеңештин мүчөлөрүнө жыйналышты өткөрүүнүн датасы, убактысы жана орду жөнүндө кабар берет, Кеңештин жыйналышынын протоколун жүргүзөт;

3) Кеңештеги иш кагаздарын уюштурат жана жүргүзөт, ошондой эле анын чечимдеринин аткарылыш мөөнөттөрүн көзөмөлдөйт;

4) Кеңештин жана анын төрагасынын тапшырмаларына ылайык башка иш-милдеттерди аткарат.

26. Кеңештин биринчи жыйналышын Кеңештин жашы боюнча улуу мүчөсү ачат.

Кеңештин биринчи жыйналышында ачык добуш берүү менен Кеңештин төрагасы, төраганын орун басары жана катчысы шайланат.

27. Кеңештин жыйналышында Кеңештин ар бир мүчөсү бир добушка ээ. Кеңештин жыйналышы ага Кеңештин мүчөлөрүнүн жалпы санынын үчтөн экиден кем эмеси катышканда ченемдүү укук болот. Кеңештин жыйналышы ачык, кварталына бир жолудан кем эмес өткөрүлөт. Кеңештин жыйналыштарын өткөрүүнүн мезгилдүүлүгү Кеңештин жылдык иш планы менен аныкталат.

28. Кеңештин мүчөлөрү төмөнкүлөргө укуктуу:

- Кеңештин мүчөлөрүнүн жалпы санынын үчтөн биринен кем эмесинин талабы боюнча Кеңештин мүчөлөрү кезексиз жыйналыш чакыруу жөнүндө сунуш киргизүүгө;

2023/03/07 14:22

- билим берүү уюмунда өткөрүлүүчү чогулуштарга жана жыйналыштарга байкоочулардын статусунда катышууга;

- Кеңеш тарабынан түзүлгөн комиссиялардын, жумушчу топтордун иштерине катышууга;

- Кеңештин төрагасынын, анын орун басарынын жана башка мүчөлөрүнүн ыйгарым укуктарын мөөнөтүнөн мурда токтотууну демилгелөөгө.

29. Кеңештин мүчөлөрү төмөнкүлөргө милдеттүү:

- Кеңештин мүчөлөрү анын жыйналыштарына жеке өздөрү катышат. Кеңештин жыйналышына катышуу мүмкүнчүлүгү болбогон учурда, Кеңештин мүчөсү күн тартибине киргизилген маселе боюнча өзүнүн пикирин жазуу жүзүндө жөнөтүүгө укуктуу. Көрсөтүлгөн пикир Кеңештин жыйналышында каралууга жатат жана добуш берүүдө эске алынат;

- Кеңештин мүчөсүнүн жүрүм-турум этикасын сактоого;

- Кеңештин чечимдерин аткарууга;

- мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдү алуучу жарандардын кызыкчылыктарында аракеттенүүгө тийиш.

30. Кеңештин мүчөлөрүнүн ыйгарым укуктарынын токтотулат:

- ал шайланган мөөнөт аяктаганда;

- ал өз каалоосу боюнча ыйгарым укуктарын токтотуу жөнүндө арыз бергенде;

- Кыргыз Республикасынын чегинен тышкары туруктуу жашоочу жерине чыгып кеткенде;

- ага карата соттун айыптоо өкүмү күчүнө киргенде;

- аны сот тартибинде аракетке жөндөмсүз, ошондой эле дайынсыз жоголду же өлдү деп тааныганда;

- Кеңештин мүчөсүнүн билим берүү уюмуна же Кеңештин беделине зыян келтирген жүрүм-турум этикасын бузганда;

- медициналык корутундуга ылайык ден соолугунун абалы боюнча өз милдеттерин жүзөгө ашырууга мүмкүн болбогондо;

- жүйөлүү себептерсиз Кеңештин жыйналыштарына катары менен беш жолу келбегенде.

31. Кеңештин чечими боюнча анын жыйналышына мамлекеттик органдардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, жалпыга маалымдоо каражаттарынын, илимий, кесиптик бирликтердин жана башка уюмдардын өкүлдөрү, ошондой эле билим берүү уюмунун иши жаатында адистешкен эксперттер жана башка консультанттар чакырылышы мүмкүн.

31. Кеңештин жыйналышы ачык өткөрүлөт, аларга билим берүү уюмунун өкүлдөрү, жарандар, жарандык коомдун жана жалпыга маалымдоо каражаттарынын өкүлдөрү катыша алышат.

32. Кеңештин чечими Кеңештин мүчөлөрүнүн жалпы санынын көпчүлүгүнүн добушу менен кабыл алынат жана протокол менен жол-жоболонот, ага жыйналыштын төрагасынын жана катчысынын колдору коюлат.

Кеңештин мүчөсүнүн өзгөчө пикири жазуу жүзүндө жол-жоболонот жана Кеңештин чечимине тиркелет.

2023/03/07 14:22

33. Кеңештин чечими боюнча тигил же бул маселелер электрондук почта боюнча же Кеңештин расмий веб-сайтын колдонуу жолу менен добуш берүүгө коюлушу мүмкүн. Электрондук почта боюнча же Кеңештин расмий веб-сайтын колдонуу аркылуу добуш берүү жол-жобосу, ошондой эле ушундай ыкмалар менен кабыл алынган чечимдерди протоколдук жол-жоболоо Кеңештин уставында аныкталат.

34. Эгерде алар Кеңеш тарабынан кабыл алынбаса же бекитилбесе же болбосо белгиленген тартипте алар менен макулдашылбаса, Кеңештин мүчөсү документтерди, чечимдерди, сунуштамаларды же башка маалыматтарды Кеңештин атынан жарыялоого, мамлекеттик органга же башка адамдарга берүүгө укуксуз.

35. Кеңештин иши жөнүндө маалыматтар Кеңештин расмий веб-сайтына жайгаштырылышы мүмкүн, веб-сайт болбогондо жалпыга маалымдоо каражаттарына жарыялануга тийиш.

## VII. Корутунду жоболор

36. Кеңеш билим берүү уюму кайра уюштурулган учурда өз ишин токтотот.

Кайра уюштурууда (кошулуу, бөлүнүү, биригүү, бөлүп чыгаруу) бир билим берүү уюмунда бир Кеңеш иштейт.

37. Кеңештин ишин токтотуу анын чечиминин негизинде жүргүзүлөт. Кеңештин иши токтотулган учурда, чогултулган каражаттарды башкаруу боюнча Кеңештин ыйгарым укуктары Кеңештин жаңы курамы дайындалганга чейин билим берүү уюмунун жетекчисине өткөрүлүп берилет.

36. Ушул жобону колдонуудан келип чыккан талаш-тартыштар белгиленген тартипте каралат.

37. Ушул жобонун талаптарын бузгандыгы үчүн күнөөлүү адамдар мыйзам чегинде жооп беришет.

**Билим берүү уюмунун Көзөмөлчүлүк кеңеши тарабынан тартылган каражаттарды кабыл алуу, эсебин жүргүзүү, бөлүштүрүү, топтоштуруу жана пайдалануу тартибинин жобосу**

1. Бул жобо Кыргыз Республикасынын «Көзөмөлчүлүк кеңеши жөнүндө» Мыйзамынын 10-беренесинин 1-2-пункттарына ылайык билим берүү уюмунун Көзөмөлчүлүк кеңеши (мындан ары – Кеңеш) тарабынан тартылган каражаттарды кабыл алуу, эсебин жүргүзүү, бөлүштүрүү, топтоштуруу жана пайдалануу тартибин аныктайт.

2. Кеңеш өз ишин уюштуруу үчүн мыйзамдарга карама-каршы келбеген булактардан гуманитардык жардамды, финансылык жана башка материалдык каражаттарды (мындан ары – тартылган каражаттар) тартууга укуктуу.

3. Тартылган каражаттар билим берүү уюмунун материалдык-техникалык жана окуу-методикалык базасын чыңдоого жана өнүктүрүүгө, билим сапатын камсыздоого, Кеңештин өз ишин уюштурууга (түшкөн сумманын 2 пайызынан көп эмесин) колдонулат.

4. Товардык-материалдык баалуулуктар түрүндө тартылган каражаттарды кабыл алуу билим берүү уюмунун кабыл алуу жөнүндө ички буйругунун жана товарларды кабыл алуу-өткөрүп берүү актысынын негизинде жүзөгө ашырылат.

5. Товарларды кабыл алуу-өткөрүп берүү актысы алынган материалдык жана материалдык эмес баалуулуктар деталдуу мүнөздөлгөн жана алардын жалпы акчалай наркы чагылдырылган документ.

6. Кабыл алуу-өткөрүп берүү актысы эки нускада түзүлөт жана төмөнкү реквизиттерди камтыйт:

- документтин аталышы;
- документ түзүлгөн жер жана датасы;
- товарды өткөрүп берүүчү жана кабыл алуучу адам жөнүндө маалыматтар: фамилиясы, аты, атасынын аты, жарандыгы, паспорттун маалыматы, салык төлөөчүнүн идентификациялык номери жана байланыш телефону;
- товарларды кабыл алуу-өткөрүп берүү актысы түзүлүүчү келишимдин реквизиттери (каттоо номери жана түзүү датасы);
- товарлардын тизмеси жана алардын саны;
- товардын сапаты жөнүндө маалымат;
- өткөрүлүп берилүүчү же кабыл алынуучу товарлардын табылган (же аныкталбаган) кемчиликтери жөнүндө маалымат;
- товардын жалпы баасы;
- товарды өткөрүп берүүчүнүн колу;
- товарды кабыл алуучунун колу;
- товарларды кабыл алуу жана өткөрүп берүү жөнүндө ушул актыны түзгөн уюмдун мөөрүнүн басылышы.

7. Товар түрүндө тартылган каражаттарды, аткарылган жумуштар/кызмат көрсөтүүлөрдү, материалдык жана материалдык эмес баалуулуктарды пайдалануунун тартиби жана шарттары Кеңеш тарабынан өз алдынча аныкталат.

8. Товар түрүндө тартылган каражаттар, материалдык жана материалдык эмес баалуулуктар билим берүү уюмунун материалдык жоопту адамынын отчеттуулугуна өткөрүлөт. Жоопту адам менен билим берүү уюмунун жетекчиси Кеңештин каражаттарынын толук материалдык жоопкерчилиги жөнүндө келишим түзөт.

9. Кеңештин материалдык жана материалдык эмес баалуулуктарын билим берүү уюмунун материалдык жоопту адамы эсепке алат, ал ай сайын/квартал сайын материалдык отчет түзүп, билим берүү уюмунун бухгалтериясына тапшырат.

10. Кеңештин товардык-материалдык баалуулуктарын берүү Кеңештин чечимине ылайык чыгаруу ведомосту аркылуу жүргүзүлөт, жыйынтыгында тиешелүү эсептен чыгаруу актысы түзүлөт.

11. Финансылык жылдын аягында билим берүү уюмунда Кеңештин текшерүү комиссиясынын мүчөсүнүн милдеттүү катышуусу менен Кеңештин материалдык баалуулуктарын инвентаризациялоо жүргүзүлөт, инвентаризациянын жыйынтыгы Кеңештин кароосуна берилет.

12. Товардык-материалдык баалуулуктар түрүндө алынган гуманитардык жана демөөрчүлүк жардам боюнча бухгалтердик документтердин негизинде түшкөн булагын жана суммасын көрсөтүү менен бухгалтердик отчет (баланс) түзүлөт.

13. Кеңеш тарабынан тартылган каражаттарды топтоо үчүн билим берүү уюмунун жетекчиси Банкта билим берүү уюмунун сактык эсебин ачат.

14. Кеңеш түзүлгөн билим берүү уюмунун жетекчиси сактык эсебин ачуу үчүн Банкка төмөнкү документтерди тапшырат:

- билим берүү уюмунун жетекчиси жана башкы бухгалтери кол койгон жана анын мөөрү менен күбөлөндүрүлгөн сактык эсебин ачуу жөнүндө арыз;

- тиешелүү ыйгарым укуктуу орган тарабынан берилген билим берүү уюмунун мамлекеттик каттоо / кайра каттоо жөнүндө күбөлүгүнүн көчүрмөсү;

- Кеңештин сапаттуу курамын тандоо жана түзүү боюнча Комиссиянын билим берүү уюмунун Кеңешин тандоо жана түзүү боюнча чечими;

- Билим берүү уюмунун жетекчисине Банкта сактык эсебин ачууну тапшыруу жөнүндө Кеңештин чечиминин протоколу;

15. Банкта сактык эсебин ачкандан кийин, билим берүү уюму менен Банктын ортосунда, жетекчилер тарабынан эки тараптуу келишим түзүлөт, анда төмөнкү пункттар сөзсүз түрдө белгилениши керек:

- Кеңештин каражаттарын билим берүү уюмунун Банктагы сактык эсебинде сактоонун минималдуу жана максималдуу мөөнөттөрү;

- билим берүү уюмунун Банктагы сактык эсебиндеги Кеңештин каражаттарын пайдалангандыгы үчүн Банк тарабынан жылына төлөнүүч пайыздык чендердин конкреттүү суммасы;

- Банктан билим берүү уюмунун сактык эсебиндеги Кеңештин каражаттарын сактоо убактысын эске алуу менен, сактык эсебинен билим берүү уюмунун атайын эсебине акча каражаттарын которуу тартиби.

16. Тартылган накталай акча каражаттары билим берүү уюмунун кассасына чегерилет, андан кийин уюмдун банктагы сактык эсебине миллеттүү түрдө катталуу менен, төлөөчүгө накталай дүмүрчөктөр берилет.

17. Кеңеш тарабынан накталай эмес төлөмдөр жолу менен тартылган акча каражаттары билим берүү уюмунун Банктагы сактык эсебине чегерилет.

18. Тартылган гуманитардык жана демөөрчүлүк жардамдар акчалай эквивалент түрүндө билим берүү уюмунун сактык эсебинде 14411100 "Учурдагы жардам" элементи боюнча киреше бөлүгүндө топтолот. Чыгымдар кассалык чыгымдар документтери жана бюджеттик классификация беренелерине ылайык жүргүзүлөт.

19. Кеңештин бардык акча чыгымдары Кеңештин чечиминин негизинде сактык эсебинен билим берүү уюмунун атайын эсебине акча каражаты которулгандан кийин билим берүү уюму тарабынан жүргүзүлөт.

20. Кеңеш тартылган каражаттардын багытын тандоодо көз карандысыз. Каражаттарды эсептен Кеңештин чечиминин негизинде, чечимде көрсөтүлгөн атайын максаттар үчүн гана алууга болот.

21. Башка өлкөлөрдөн товардык-материалдык баалуулуктар түрүндө гуманитардык жардам алуу Кыргыз Республикасында гуманитардык жардамды кабыл алуу жана бөлүштүрүү тартиби жөнүндөгү жобону бекитүү тууралуу Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2016-жылдын 1-февралындагы № 43 токтомундагы тартипте жүргүзүлөт.

22. Келерки жылга тартыла турган каражаттардын кирешелеринин жана чыгашаларынын көлөмдөрү Кеңештин отурумунда бекитилген кирешелер менен чыгашалардын финансылык планына ылайык билим берүү уюмунун кирешелеринин жана чыгашаларынын бириктирилген (консолидацияланган) сметасына киргизилет.

23. Тартылган каражаттардын кирешелеринин жана чыгашаларынын сметасы Кеңештин чечими менен бекитилет. Зарыл болгон учурда тартылган каражаттардын кирешелеринин жана чыгашаларынын сметасына мыйзамдарда белгиленген тартипте өзгөртүүлөр киргизилиши мүмкүн.

24. Кеңеш тарабынан тартылган каражаттарды эсепке алуунун туура жүргүзүлүшүнө, алардын туура түзүлүшүнө жана максаттуу пайдаланылышына жоопкерчилик жана көзөмөлдөө билим берүү уюмунун жетекчисине жана башкы бухгалтерине жүктөлөт.

25. Үстүбүздөгү жылы пайдаланылбаган Кеңеш тарабынан тартылган каражаттардын калдыгы алып коюуга жатпайт жана кийинки жылга өтөт.

26. Кеңеш тартылган каражаттардын максаттуу жана натыйжалуу пайдаланылышына финансылык көзөмөл жүргүзөт. Кеңеш финансылык көзөмөлдү жүргүзүү үчүн Кеңештин текшерүү комиссиясын түзөт.

27. Кеңештин текшерүү комиссиясынын төрагасын жана мүчөлөрүн дайындоонун тартиби, алардын ыйгарым укуктарынын мөөнөттөрү жана текшерүүлөрдүн мезгилдүүлүгү Кеңеш тарабынан аныкталат.

2023/03/07 14:23

28. Кеңеш финансылык көзөмөлдөө үчүн аудитордук уюмду тартууга укуктуу.

29. Кеңештин текшерүү комиссиясы:

- жылына жок дегенде бир жолу Кеңештин тартылган каражаттарынын чыгымдарын, ошондой эле аларды материалдык жана материалдык эмес активдер түрүндө пайдалануунун натыйжалуулугун текшерет, жылдык отчет жана баланс боюнча корутунду даярдайт;

- келерки жылга тартыла турган каражаттар боюнча кирешелердин жана чыгашалардын финансылык планын каржылык отчеттуулук жөнүндө мыйзамдардын талаптарына жана аны түзүүнүн негиздүүлүгүнө туура келээрин карайт;

- тартылган каражаттарды максаттуу жана натыйжалуу пайдалануу боюнча Кеңешке отчет берет.

30. Келээрки жылга тартыла турган каражаттардын кирешелеринин жана чыгашаларынын финансылык планы Кеңештин текшерүү комиссиясында каралып, бекитилгенден кийин Кеңеш тарабынан бекитилет.

31. Кеңештин каржы-чарбалык ишине байланыштуу келишпестиктер мыйзамда белгиленген тартипте чечилет.

32. Жыл аягында Кеңеш тартылган каражаттарды пайдалануу боюнча отчетун жалпыга маалымдоо каражаттарына жарыялайт.

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ

ТҮП РАЙОНДУК
БИЛИМ БЕРҮҮ БӨЛҮМҮ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
МИНИСТЕРСТВО ОБРАЗОВАНИЯ
И НАУКИ

ТЮПСКИЙ РАЙОННЫЙ
ОТДЕЛ ОБРАЗОВАНИЯ

# БУЙРУК
# ПРИКАЗ

«22» 10 2021-жыл №243 Түп айылы

**Көзөмөлчүлүк Кеңештин курамын бекитүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын 2014-жыл30.05№81Мыйзамына,Кыргыз Республикасынын 2020-жыл 01.08 №105 мыйзамынын редакциясына ылайык, Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 2021-жыл 09.08№1391/1 буйругун , 2021-жыл 08.10 №08-163 телефонограммасын аткаруу максатында, Миң Булак айылынын тургундарынын арыздарынын жана Түп райондук билим берүү бөлүмүнүн Көзөмөлчүлүк Кеңеши боюнча комиссиянын чечиминин негизинде **буйрук кылам:**

1. Түп районундагы И.Касмалиев атындагы Миң Булак орто мектебинин Көзөмөлчүлүк Кеңеши төмөнлөгүдөй курамда бекитилсин:
   1. Ибраимов Нурбакыт
   2. Калыков Ырыс
   3. Элебаева Замира
   4. Бекболотова Бегайым
   5. Молдобаева Назгүл
2. Бекитилген Көзөмөлчүлүк Кеңешке «Көзөмөлчүлүк Кеңеш жөнүндөгү» Мыйзамдын негизинде И.Касмалиев атындагы орто мектебинин Өнүгүү стратегиясын иштеп чыгууга , кабыл алууга жана ишке ашырууга , мектептин материалдык-техникалык базасын чыңдоо жана мектепти өнүктүрүүгө гуманитардык жардамдарды (инвесторлорду, меценаттарды) жана КР мыйзамдарына карама-каршы келбеген башка каржылоо булактарын издөөнү жана тартууну жүзөгө ашыруу боюнча иш-аракеттерди жүргүзүү милдеттендирилсин.
3. Буйруктун аткарылышын контролдоо И.Касмалиев атындагы орто мектебини директору- А.Букуевге жүктөлсүн.

Башчы С.Абдылдаев